**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.22.662 диссертациялык кеңешинин 2023-жылдагы иши жөнүндө**

## ОТЧЕТУ

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.22.662 диссертациялык кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын 2023-жылдын 11-январындагы №73 буйругу менен бекитилген. Анын курамына Кыргызстандагы жалпы педагогиканы изилдеген окумуштуулар кирген. Диссертациялык кеңештин эки мүчөсү 13.00.04 – дене тарбиясынын, спорттук машыгуулардын жана ден-соолукту чыңдоочу дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиги боюнча И.Ф. Андрущишин жана Макагонов А.Н. Казак Республикасынын жарандары.

Диссертациялык кеңешке төмөнкү адистиктер боюнча диссертацияларды коргоого кабыл алууга уруксат берилген: 13.00.01 – педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене-тарбиясынын, спорттук машыгуулардын жана ден-соолукту чыңдоочу дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиктери, педагогика илимдери боюнча.

Диссертациялык кеңеш КР Президентине караштуу УАКтын талаптарына ылайык иш алып барды:

1. Изденүүчүлөр диссертацияны диссертациялык кеңешке тапшыруудан мурда онлайн-регистрациядан өтүштү.
2. Антиплагиат системасына ылайык диссертациялар изденүүчү тарабынан каалоосу боюнча коргоого чейин текшерүүгө жөнөтүлүп, эгерде көрсөтүлгөн проценттен ашып кетсе оңдоого шарт түзүлдү.
3. Маалыматтар базасына жүргүзүлгөн иш-аракеттердин бардыгы киргизилди.
4. Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан кабыл алынган нормативдик документтер жетекчиликке алынып, диссертациялык кеңештин ишине чоң жардам берди.
5. Диссертациялык кеңештин ишине наразычылык болгон жок жана УАКтын кара тизмесине илимий жетекчилердин аты-жөнү кирген жок.

Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү бардык отурумдарга активдүү катышып жатышты (отурумга катышпаган учурлар сейрек кездешет).

Диссертациялык кеңештин 4 мүчөсү: Андрущишин И.Ф. Макагонов А.Н. (Казакстан Республикасынан), Зулуев Б.Б. (Ош шаарынан), Ажибаева А.Ж. (Талас шаарынан) отурумдарга оффлайн жана онлайн форматында катышып жатышты.

*Д 13.20.618* диссертациялык кеңеши тарабынан кабыл алынып, мөөнөттүн аяктагына байланыштуу коргоого чыкпай калган диссертациялык иштердин саны – 9 (Сулайманова Р.Т., Белгибаева Г.А., Давлетбекова А.Д., Абдуллаев М.Т., Акматова У.Ж., Жумакадырова Ч.Ж., Молдалиева С.А., Коптев О.В., Жуматаева А.С.) жана бардыгы диссертацияларын коргошту.

Отчеттук жыл ичинде Д 13.22.662 диссертациялык кеңеши тарабынан 20 изденүүчүнүн документтери кабыл алынды. Алардын ичинен 6 изденүүчү диссертацияларын коргоп, 4 аттестациялык дело УАКка жөнөтүлдү (Турсункулова С.И., Койлубаева Б.К., Сабирова М.М., Колдошев М.). Ал эми 2 изденүүчүнүн документтери (Смагулов К.Б., Ергешов Е.Т.) УАКка жөнөтүүгө даярдалууда.

Азыркы күндө 9 изденүүчүнүн диссертациясы (Турукбаева А.К., Джоошбекова З.Р., Өмүрзакова Г.А., Максакова А.Е., Самаров А., Тыныбекова Ч.А., Асаналиева Ч.А., Кемешова А.М., Джузбаева А.Н.) алдын-ала коргоону өтүшүп, диссертациялык кеңеш тарабынан коргоого сунушталган, 3 изденүүчүнүн диссертациясы (Асанкулова М.К., Айдаров А.Ж., Кошалиева С.Ш.) эксперттик текшерүү процедурасын өтүшүп, алдын-ала коргоого сунушталган, 1 изденүүчүнүн диссертациясы (Байсубанова А.К.) эксперттик текшерүү процедурасын өтүүдө.

Эксперттик текшерүү процедурасын өткөн 1 изденүүчүнүн − А.С. Касмалиеванын диссертациясы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.04 – дене-тарбиясынын, спорттук машыгуулардын жана ден-соолукту чыңдоочу дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча жазылган докторлук диссертациясынын бир жолку коргоосун өткөрүүгө уруксат берүү жөнүндөгү диссертациялык кеңештин өтүнүч каты Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясына жөнөтүлгөн жана президиумдун 2023-жылдын 30-ноябрындагы жыйынынын чечими менен коргоого уруксат берилди.

**Отчеттук мезгил ичинде кеңеште корголгон диссертациялардын кыскача мүнөздөмөсү**

Отчеттук жыл ичинде 15 диссертация корголду, анын ичинен 3 докторлук диссертация, 12 кандидаттык диссертация. Корголгон

диссертациялардын ичинен 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча – 13 (2 докторлук диссертация, 11 кандидаттык диссертация), 13.00.04 – дене-тарбиясынын, спорттук машыгуулардын жана ден-соолукту чыңдоочу дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиги боюнча – 2 (1 докторлук диссертация, 1 кандидаттык диссертация).

Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер – жок.

Диссертациялар мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылып, корголду. 8 диссертация мамлекеттик тилде, 7 диссертация расмий тилде жазылып корголду.

Корголгон диссертациялар Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларында аткарылган: И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде − 6, Ош мамлекеттик университетинде – 3, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде – 2, К. Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университетинде – 1, Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясында – 1, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинде – 1, В. П. Астафьев атындагы Красноярск мамлекеттик педагогикалык университетинде – 1.

Диссертацияларын коргогон изденүүчүлөрдүн арасынан – 11 изденүүчү Кыргызстандын, 3 изденүүчү Казахстандын, 1 изденүүчү Россиянын жарандары.

Бир кандидаттык диссертация (Абдуллаев М.Т.) биргелешкен 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене-тарбиясынын, спорттук машыгуулардын жана ден-соолукту чыңдоочу дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча корголду.

Азыркы күнгө карата 7 диссертациялык иш КР УАК тарабынан бекитилди, 6 диссертация эксперттик текшерүү процедурасын өтүүдө.

Диссертациялык иштердин темалары жана изилдөө предметтери беш багытты камтыйт:

1. *Педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча изилдеген – 2* (Колдошев М., Жуматаева А.С.).

2. *Мектеп билиминдеги проблемаларды чечүүгө арналган* – 3 (Белгибаева Г.А., Жумакадырова Ч.Ж., Турсункулова С.И.).

3. *Жогорку окуу жайларындагы кесиптик билим берүү жана тарбия берүү проблемаларын камтыган* – 7 (Сулайманова Р.Т., Коптев О.В., Абдуллаев М.Т., Молдалиева С.А., Койлубаева Б.К., Ергешов Е.Т., Смагулов К.Б.).

4. *Мектепке чейинки билим берүү проблемаларына арналган* – 1 (Сабирова М.М. ).

5. *Колледждерде адистик билим берүү проблемаларын камтыган* – 2 (Давлетбекова А.Д., Акматова У.Ж.).

**Илимдин докторунун/кандидатынын окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар жөнүндө маалымат**

| № | Изденүүчүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты | Эксперттик комиссия | Расмий оппонент | Диссертациялык иш аткарылган ЖОЖ жана илимий уюмдар |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** |
| 1 | Сулайманова Рахат Токтогуловна | Мамытов А., Алимбеков А., Наркозиев А.К. | Алимбеков А., Халитова И.Р., Алиев Ш.А. | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| 2 | Давлетбекова Айзада Давлетбековна | Акиева Г.С., Джанузаков К.Ч., Карабалаева Г.Т. | Акиева Г.С., Адылбек к.Г. | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети |
| 3 | Белгибаева Гульнур Абубакировна | Мамытов А., Алимбеков А., Зулуев Б.Б. | Алимбеков А., Бектурова Э.О. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 4 | Акматова Уларкан Жидебаевна | Мамытов А., Зулуев Б.Б., Джанузаков К.Ч. | Мамытов А., Умарбекова А.А. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 5 | Абдуллаев Маматсабыр Турганбаевич | Алимбеков А., Джанузаков К.Ч., Иманалиев Т.Т. | Алимбеков А., Жакипов А.Ж. | Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясы |
| 6 | Молдалиева Саламат Аманкуловна | Мамытов А.М., Наркозиев А.К., Сейдахматов М.Ж. | Мамытов А.М., Шерматова И.К. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 7 | Жумакадырова Чынара Жумакадыровна | Акиева Г.С., Наркозиев А.К., Джанузаков К.Ч. | Карабалаева Г.Т., Джанузаков К.Ч. | Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети |
| 8 | Коптев Олег Владимирович | Асипова Н.А., Андрущишин И.Ф., Макогонов А.Н. | Андрущишин И.Ф., Керимов Ф.А., Алимханов Е. | В. П. Астафьев атындагы Красноярск мамлекеттик |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | педагогикалык университети |
| 9 | Жуматаева Асылгүл Саринжиевна | Наркозиев А.К., Джанузаков К.Ч., Иманалиев Т.Т. | Мураталиева М.А., Иманалиев Т.Т. | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| 10 | Турсункулова Салтанат Исабаевна | Зулуев Б.Б., Ажибаева А.Ж., Иманалиев Т.Т. | Зулуев Б.Б., Умарбекова А.А. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 11 | Койлубаева Бурулча Кожоновна | Мамытов А.М., Зулуев Б.Б., Джанузаков К.Ч. | Мамытов А.М., Абдыракунова Ж.С. | Ош мамлекеттик университети |
| 12 | Сабирова Махабат Мийзамовна | Сартбекова Н.К., Ажибаева А.Ж., Чалданбаева А.К. | Ажибаева А.Ж., Адылбек к.Г. | Ош мамлекеттик университети |
| 13 | Колдошев Мисирали | Асипова Н.А., Алимбеков А., Калдыбаева А.Т. | Асипова Н.А., Батаканова С.Т., Орозова Г.Ж. | Ош мамлекеттик университети |
| 14 | Смагулов Кайрат Боранбаевич | Акиева Г.С., Андрущишин И.Ф., Иманалиев Т.Т. | Акиева Г.С., Шерматова И.К. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| 15 | Ергешов Ержан Тенизович | Панкова Т.В., Макогонов А.Н., Сартбекова Н.К. | Сартбекова Н.К., Джумагулова Г.А. | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |

**Отчеттук мезгил ичинде кеңеште каралган диссертациялардын кыскача анализи:**

**Р.Т. Сулаймpraнованын** “*Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы”* аттуу темадагы докторлук диссертациясында «педагогикалык кесип”, «жаңы муундун мугалими» түшүнүктөрүнүн азыркы коомдогу маңызы мүнөздөлүп жана аны даярдоонун зарылчылыгы ачыкталган; ЖОЖдордо педагогикалык кадрларды даярдоонун, аны жаңылоонун теориялык негиздери, андагы кыргызстандык окумуштуулардын салымы ачып көрсөтүлгөн. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун калыптанышы, өнүгүшү, бүгүнкү күндөгү абалы, укуктук-ченемдик жактан камсыздалышы, билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер талдоого алынып, жаңы муундагы педагогикалык

кадрларды даярдоону өркүндөтүүнүн багыттары аныкталган. Жаңы муундагы мугалимди даярдоонун модели жана педагогикалык шарттары педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 38 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий кеңешчи: п.и.д., профессор Асипова Н.А.*

**О.В. Коптевдин** *«Дзюдочулардын узак мөөнөттүү спорттук даярдыгында атаандаштык компетенттүүлүгүн калыптандыруу»* аттуу темадагы докторлук диссертациясында «атаандаштык компетенттүүлүгүнүн» аныктамасы, анын атаандаштык ишмердүүлүгүндөгү структуралык жана мазмундук модели жана дзюдочулардын узак мөөнөттүү спорттук даярдык процессин өркүндөтүү зарылчылыгы негизделген. Атаандаштык компетенттүүлүгүн калыптандыруу концепциясы илимий жана эксперименталдык жактан негизделген; сунушталган концепциянын алкагында ар кандай курактагы дзюдочулардын атаандаштык компетенттүүлүгүнүн түзүмдүк бирдиктердин сандык маанилери берилген жана 15-17 жаш курактагы атаандаштык компетенттүүлүгүнүн кескин жогорулашы илимий жактан негизделген; жогорку квалификациядагы дзюдоисттердин атаандашуучулук компетенттүүлүгүн жогорулатуу программасы иштелип чыккан жана ишке ашырылган, анын түзүмдүк бирдиктерин түзүү боюнча стратегиялык түзүлүштөрү түзүлгөн.

*Изденүүчү тарабынан 24 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий кеңешчи: п.и.д., профессор Мамытов А.М.*

**М. Колдошевдин** *«Манас» – кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун энциклопедиялык феномени»* аттуу темадагы докторлук диссертациясында «Манас» эпосунун кыргыз эл педагогикасындагы уникалдуу көрүнүш экендиги, анын мазмунунда таалим-тарбия берүүнүн, салттык билимдерди жайылтуунун ыкмалары, методдору, принциптери жана каражаттары ар тараптуу чагылдырылгандыгы алгачкы жолу масштабдуу иликтенген; эпостун текстиндеги элдик идеяларды педагогикалык аспектиде интерпретациялоо комплекстүү мамиленин негизинде жүргүзүлгөн; эпостогу педагогикалык ойлордун системасын элдик салттуу педагогикалык маданияттын компоненти катары изилдөө иш-аракеттери жүргөн жана алардын азыркы жаштарды тарбиялоодогу мүмкүнчүлүгү аныкталган; «Манас» эпосунун кыргыз этнопедагогикасынын феноменалдуу көрүнүш катары изилдөө аркылуу улуттук педагогиканын мазмуну толукталган; изилдөөдө айкындалган педагогикалык ойлор этномаданий мурас катары жалпы адамзаттык рухий-

педагогикалык баалуулуктар кенчинин байусуна белгилүү деңгээлде салым кошору көрсөтүлгөн.

*Изденүүчү тарабынан 84 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий кеңешчи: п.и.д., профессор Муратов А.Ж.*

**Г.А. Белгибаеванын** *«Казак дидактикалык чыгармалары аркылуу кенже класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоо»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында кенже класстын окуучуларын дидактикалык чыгармалар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоонун иштелиш абалы талдоого алынган; кенже класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоонун каражаты казактын дидактикалык чыгармаларынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү ачылып көрсөтүлгөн; кенже класстын окуучуларын дидактикалык чыгармалар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоонун принциптерин, этаптарын, методдорун, ыкмаларын ичине алган модели иштелип чыгып, аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталган; эксперименталдык тажрыйба иштердин негизинде кенже класстын окуучуларын дидактикалык чыгармалар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоо боюнча практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 17 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**А.Д. Давлетбекованын** *"Колледждин студенттерин ден соолукту сактоого тарбиялоонун уюштуруучулук-педагогикалык шарттары"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында студенттер арасында сергек жашоо маданиятын калыптандыруунун интеграцияланган системасы катары "колледждин студенттеринин ден соолугун үнөмдөөчү тарбиялоо" түшүнүгү ачыкталган; колледж студенттеринин ден соолугун сактоочу тарбиялоо модели иштелип чыккан; колледждин студенттеринин ден соолукту сактоочу тарбиясын камсыз кылуучу уюштурууучулук-педагогикалык шарттары аныкталган жана эксперименталдык негизделген: студенттер арасында ден соолук маданиятын калыптандыруу үчүн мотивация; колледждин окуу процессинин субъекттеринин биргелешкен аракеттери; саламаттыкты сактоо боюнча билим берүү модулдарын ишке ашыруу; ден соолукту үнөмдөөчү технологияларды тандоо; «Колледждин шартында тарбиялоо-билим берүү процессинин ден соолукту үнөмдөө менен коштолуусу» программасы ишке ашырылган.

*Изденүүчү тарабынан 16 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Токсонбаев Р.Н.*

**М.Т. Абдуллаевдин** *"Улуттук ордо оюнун дене тарбия адистерин даярдоодо колдонуунун негиздери"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында болочок дене тарбия адистерин кесиптик жактан

даярдоонун илимий-теориялык, методикалык жана уюштуруучулук негиздери, ордо оюнунун философиялык, стратегиялык жана педагогикалык мааниси, кесиптик ишмердүүлүктү калыптандыруунун модели, дидактикалык негиздери жана методикалык өзгөчөлүктөрү аныкталган. Ордо оюнунун заманбап техникасынын биомеханикалык мүнөздөмөсү, тактикалык ишмердүүлүктүн негиздери, спорттук даярдык денгээлине коюлуучу талаптары иштелип чыккан. Үйрөтүү ишмердүүлүгүнө даярдоо модели, жогорку окуу жайда адистешип окуган бүтүрүүчүлөрдүн даярдыктарынын көрсөткүчтөрүнүн педагогикалык экспериментте такталган.

*Изденүүчү тарабынан 18 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Мамытов А.М.*

**У.Ж. Акматованын** *«Колледждин студенттеринин толеранттуулугун жогорулатуунун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында колледждерде студенттердин толеранттуулугун жогорулатуунун илимий-теориялык негиздери, педагогикалык колледждин студенттеринин толеранттуулугун жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү аныкталган; педагогикалык колледждердин студенттеринин толеранттуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүүчү теориялык модель жана педагогикалык шарттар иштелип чыккан; студенттердин толеранттуулугун жогорулатуу максатында түзүлгөн теориялык моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуугу эксперимент аркылуу текшерилип, сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 11 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., доцент Карабалаева Г.Т.*

**Ч.Ж. Жумакадырованын** *«Мектеп окуучуларынын сергек жана коопсуз жашоо көнүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында мектеп окуучуларынын сергек, коопсуз жашоо көнүмдөрүн калыптандыруунун теориялык негиздери аныкталган; мектеп окуучуларынын сергек, коопсуз жашоо көнүмдөрүн калыптандыруу процессинин модели теориялык жана эксперименталдык жактан негизделген: анын ичинде: сергек, коопсуз жашоо көнүмдөрүнө ээ болгон окуучунун мүнөздөмөсү, мектеп окуучуларынын сергек, коопсуз жашоо көндүмдөрүн натыйжалуу калыптандырууга өбөлгө түзгөн педагогикалык шарттар аныкталган.

*Изденүүчү тарабынан 13 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Чоров М.Ж.*

**С.А. Молдалиеванын** *«Университеттин шартында гуманитардык адистиктердин болочок педагогдорунун укуктук компетенттүүлүгүн*

*калыптандыруунун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында университеттин шартында болочок гуманитардык адистиктердин болочок педагогдорунун укуктук компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери, педагогикалык шарттары жана өбөлгөлөрү изилденген; «Мугалимдин укуктук маданияты» атайын курсу иштелип чыккан, университеттин шартында болочок гуманитардык адистиктердин болочок педагогдорунун укуктук компетенттүүлүгүн калыптандыруу модели түзүлгөн; болочок мугалимдердин укуктук компетенттүүлүгүн калыптандырууга көмөктөшүүчү педагогикалык шарттар аныкталган жана алардын эффективдүүлүгү эксперименталдык жактан текшерилген.

*Изденүүчү тарабынан 12 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**А.С. Жуматаеванын** *"Кыргыз эл педагогикасында балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында изилдөөнүн предметине тиешелүү "муундар аралык байланыш", "улууларды урматтоо" түшүнүктөрүнүн талдоонун негизинде кыргыз эл педагогикасында улууларды урматтоого тарбиялоонун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү илимий-теориялык жактан изилдөө абалы айкындалган; кыргыз эл педагогикасынын түрдүү булактарындагы балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо багытындагы нускалуу идеялар менен социалдык нормалар, талаптар ачылып көрсөтүлгөн; кыргыз эл педагогикасындагы балдарды улууларды урматтоого тарбиялоонун социалдык институттары жана алардын ишмердүүлүгүндө колдонулган методдор, каражаттар айкындалган; кыргыз эл педагогикасында улууларды урматтоо баалуулуктарынын бүгүнкү балдарды мектеп жана үй-бүлөнүн тарбиялоо практикасындагы уламалуулугу ачыкталган.

*Изденүүчү тарабынан 14 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Алимбеков А.*

**С.И. Турсункулованын** *«Окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодо музей шарттарын пайдалануунун педагогикалык негиздери"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында музей шартында окуучуларга патриоттук тарбия берүүнү уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, баскычтары, ыкмалары, формалары биринчи жолу ачылган; музейдин билим берүү мекемесиндеги патриоттук тарбия берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу, мектеп окуучуларын музей жана край таануу системасындагы патриоттук багытка ээ болгон коомдук маанилүү иш-чараларга кошуу шарттарынын модели түзүлгөн.

*Изденүүчү тарабынан 8 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**М.М. Сабированын** *«Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык маселелери талдоого алынган; мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун милдеттери, принциптери, илимий методдору такталып, максатка ылайык теориялык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталган; тарбиячылар жана ата-энелер менен балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү тапшырмалары сунушталган; алынган моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген; "Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу» программасын (балдар бакчасынын тарбиячылары үчүн атайын даярдалган) практикага киргизүү аркылуу текшерилип, педагогикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 11 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.*

**Б.К. Койлубаеванын** *«Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү»* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча теориялык көз караштардын эволюциясы, түптүү түшүнүктөрү дисциплиналар аралык алкакта ачылып көрсөтүлгөн; кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданияттын мазмуну, негизги мүнөздөмөлөрү айкындалган; ЖОЖдордо студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары айкындалып, алардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилип практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*Изденүүчү тарабынан 12 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Алимбеков А.*

**К.Б. Смагуловдун** *"Болочоктогу педагог-психологдордун негизги компетенцияларын маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу калыптандыруу"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында негизги компетенцияларды калыптандыруунун заманбап теориялык негиздери ачылган, тактап айтканда: проблема боюнча изилдөөчүлөрдүн теориялык жана методологиялык позициялары негизделген, негизги компетенцияларды

калыптандыруудагы алдынкы теориялар аныкталган, алар негизги компетенцияларды калыптандырууга методологиялык ыкмалар: компетенттүүлүк, активдүүлүк, система; болочоктогу педагог-психологдордун негизги компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттары иштелип чыгып, маалыматтык технологиянын жардамы менен КСти калыптандыруунун модели иштелип чыккан; педагогикалык шарттарды иштеп чыгуунун эффективдүүлүгүн жана маалыматтык технологиянын жардамы менен ККны түзүү моделин эксперименталдык текшерүү жүргүзүлгөн.

*Изденүүчү тарабынан 34 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: т.и.д., доцент Бейшеналиев А.Б.*

**Е.Т. Ергешовдун** *"Келечектеги тарыхчы педагогдорунун изилдөө компетенциясын калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери"* аттуу темадагы кандидаттык диссертациясында келечектеги педагогдордун изилдөө компетенциясын калыптандыруунун методологиялык жана теориялык негиздери аныкталган, келечектеги педагогдордун изилдөө компетенциясын түзүүнүн структуралык модели түзүлгөн, жогорку мектепте болочок педагогдордун изилдөө компетенциясын түзүүнүн педагогикалык шарттары аныкталган, билим берүү процессинде келечектеги окутуучулардын изилдөө компетенцияларын калыптандыруунун методикалык системасы иштелип чыккан жана практикада апробацияланган.

*Изденүүчү тарабынан 32 илимий эмгектери жарык көргөн.*

*Илимий жетекчи: т.и.д., доцент Бейшеналиев А.Б.*

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.**